
# Элдик театр

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын өзгөчө муктаждыктарына элдин көңүлүн буруу же жергиликтүү тургундарды коомчолук ***реабилитациялык*** программага көбүрөөк катыштыруу үчүн, театрлаштырылган көрсөтүүлөрдү колдонуу мыкты жол болушу мүмкүн. Мындай ыкма элди маанилүү алдын алуу иш-чаралары менен тааныштыруу үчүн да жакшы жарайт. Ден соолук бузулуулары бар адамдар өздөрү, алардын ата-энелери, реабилитологдор, мектеп окуучулары ж.б. мындай көрсөтүүлөрдө ар түрдүү ролдорду аткарып, бул ишке катышса болот.

Буга атайын жайдын деле кереги жок. Болгону, арткы жагында тегиз дубалы бар (же ал жерге көшөгө орнотуп койсо болот), жерден бир аз көтөрүлүп турган өйдөлүш жетиштүү. Элдик театрлар көчөлөрдө, айылдык жалпы аянтчаларда жана базарларда ар түрдүү көрсөтүүлөрүн эл алдына ийгиликтүү алып чыккан мисалдар далай.



Театрлаштырылган көрсөтүүлөрдү коюу үчүн таза абадагы жөнөкөй сахна.

**Мисалы, кызылча оорусу начар тамактанган балдар үчүн өзгөчө коркунучтуу. Ал алардын көбүн сокур же дүлөй кылып коёт, акыл-эси өрчүүсүн бузуп артта калтырат, талманын же церебралдык шалдыктын пайда болушуна алып келет. Кызылча оорусунун алдын алуу – ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрүн чектеген бузулууга жеткирбөө дегендик.** Никарагуада, коомчодогу медициналык-санитардык кычматчылар тобу жана жергиликтүү балдар *“Кызылча” аттуу Мокочо”* деп аталган театрлаштырылган көрсөтүүнү коюшту. Бул көрсөтүүнү көрүү үчүн, көп эл чогулду. Көрсөтүүдөгү мокочо элди кыдырып, эмделбеген балдарды издеп чуркады. Көрсөтүүнүн аягында – балдардын бардыгы эмдөө менен корголгондо, чогулган элдин арасындагы балдар да көрсөтүүдөгү ролдорду аткарган балдарга кошулуп, мокочону сабап кириšти.




“Кызылча” аттуу Мокочо” деп аталган, театрлаштырылган, көчөдөгү көрсөтүүдөн үзүндү (Никарагуа). Мокочонун башы катуу картондон, ага мокочонун башы тартылган калың кагаз чапталып жасалган.



Эмделбеген актер баланы (жылмайган, “бактылуу” ак масканы кийип турат) мокочо жырткыч тырмактуу колдору менен кармап баса калды.



Актёр бала мокочонун кучагынын ичинен маскасын тез алмаштырат. Мокочо кучагын ачканда, бала кызылчанын кызыл тактары бар “бактысыз” маскасын кийип алган болот. Актер бала өлүп бараткандай ойнойт.

Көрсөтүүнү алып барган адам чогулган балдардан оору эмне үчүн бул балага кол салганын сурайт. Балдар “Анткени ал эмделген эмес болчу!” деп жооп беришет. Аягында – балдардын баары эмделип бүткөндөн кийин, көрсөтүүнү алып барган адам: “Эмне үчүн азыр мокочонун балдар үчүн коркунучу жок?” деп, чогулгандардан сураганда, “Анткени биз, балдар, баарыбыз эмделдик!” деп балдар жооп беришет.

Театрлаштырылган көрсөтүүлөрдүн жардамы менен дагы эмнелерди үйрөтүү мүмкүн экенин китепти окугандарга жеткирүү үчүн, PROJIMO долбоору (Мексикадагы Ахойя айылында жай тапкан, айыл тургундарынын күчү менен иштетилген реабилитациялык программа) уюштурган театрлаштырылган эки көрсөтүүдө тартылан сүрөттөрдү келтиребиз.

Жергиликтүү коомчону PROJIMO долбоорунун иштерине тартуу жана анын иш-аракеттерин жергиликтүү тургундарга жакшыраак түшүндүрүү үчүн, программа театрлаштырылган көрсөтүүлөрдү колдонот. Мектеп окуучуларынын жардамы менен оюн аянтчасы тургузулгандан көп өтпөй биринчи көрсөтүүлөр уюштурулган. Көрсөтүүлөрдө PROJIMO долбоору кантип башталганы, оюн аянтчасы кантип тургузулганы жана пайдаланылып жатканы жөнүндө айтылат. Бул көрсөтүүлөрдө жергиликтүү мектептин окуучулары, PROJIMO долбоорунда иштеген ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар жана жакынкы айылдардан шаарга билимин жаңылантуу үчүн атайын келген коомчолук медициналык-санитардык кызматчылар түрдүү ролдорду аткарышат. Коомчолук медициналык-санитардык кызматчылар бул көрсөтүүлөргө катышуудан ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар менен иштөө тажрыйбасына жана жөнөкөй реабилитациялык иш-аракеттер жана көмөкчү жасалгалар боюнча идеяларга ээ болушат. Алар мындай билимди өз айылдарында колдоно алышат.







– PROJIMO долбоору кантип башталганы жана айылдын мектеп окуучулары ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар менен дени соо балдарга чогуу арнап, оюн аянтчасын тургузганы жөнүндө баян.



Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам (сүрөттө бул ролду Марсело аткарып жатат, 76-бетти караңыз) Ахойя айылына келип, айылдын ден соолук борборуна кантип өтсө болорун сурайт.




Коомчодогу медициналык-санитардык кызматчылар Марселону текшерип, полиомиелиттин айынан ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болуп калганын таап, ага мүчөлөрүн ордунда бекем кармоочу ортопедиялык жасалга керек экенин божомолдошот. Бирок аларда Марселого кантип жардам берсе болору боюнча билим жок болгондуктан, ага жардам бере албай, эмне кылаарын билишпейт.



Коомчолук медициналык-санитардык кызматчылар айрым нерселерге болгон өздөрүнүн бушаймандыгы менен бөлүштү: “Бизге ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар өтө көп келишет. Алардын көпчүлүгү бейтапканага жаткырылууга же хирургиялык операцияга деле муктаж эмес, аларга болгону ортопедиялык аппараттар же атайын көнүгүүлөрдү жасоо сыяктуу жөнөкөй нерселер эле керек. Өкүнүчтүүсү – аларды мындай жөнөкөй нерселер менен камсыз кылуу үчүн, бизде керектүү билим жана атайын ыкжөндөмдөр жок. Келгиле, кошумча тренингдерден өтүп, биздин айылдагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар үчүн реабилитациялык программа уюштурууга аракет кылып көрөлү. Болочок ишибиздеги негизги аракетерибизди ошондой балдардын ата-энелери балдарына үйдөн кантип жардам берсе болоруна бурсак болот”.



Коомчолук медициналык-санитардык кызматчылар айылдын тургундары менен жолугуп, жаңы программаны талкуулашты. Айылдын тургундары ага даяр экендерин билдиришти. Айылдын эркектери айылдагы борборду оңдоо үчүн жардамын сунуш кылышты. Айылдын аялдары айылга келе турган балдар менен алардын үй-бүлөлөрүн баш калкалоо жайлары жана тамак менен камсыз кылууга жардам бере аларын айтышты. Ал эми мектеп окуучулары реабилитациялык оюн аянтчасын курууга жардамын сунуш кылышты, болгону бир шарт коюшту – кийин ошол аянтчада алар да ойноосуна уруксат берилерин сурашты.



Айылда турган бардык балдар үчүн оюн аянтчасын курууга катышкан мектеп окуучулары ошол сымал аянтчаны тез эле сахнага тургуза коюшту.




Жерде буга чейин мамычалар үчүн оюктарды, болгондо да, улам-улам казып үйрөнүп алган балдар сахнадагы оюн аянтчасын 3 мүнөттө эле тургуза салышты.



Оюн аянтчасында денесинин тең салмактыгы бузулган балдарга жардам берүү үчүн сүрөттөгүдөй термелме такта, же булчуңдарында спастикасы бар бала, колго жасалган өнүктүрүүчү оюнчуктар менен ойной алуусу үчүн, буттарын бир биринен алыстатып алып отуруусуна жардам берүүчү атайын алкак сыяктуу ар түрдүү реабилитациялык жасалгалар колдонуларын айыл тургундары өз көздөрү менен көрүүсү мүмкүн болду.

**Экинчи көрсөтүү – биринчи көрсөтүүнүн уландысы.**







Бул – ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү бала, аты Тристин.



Тристиндин ролун Инес – ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгон кызматкерлердин бири – аткарып жатат. Көрсөтүүдө чынында эле Инестин өзүнүн окуясы баяндалгандай элес калтырды. Көрсөтүүдөгү Тристин сыяктуу, Инес өзү полиомиелиттин айынан ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелип калган жетим бала. Ага PROJIMO долбоору ортопедиялык аппараттарды алып берген. Инес долбоордо калып, реабилитациялык программанын кызматкери катары ишин алып барат.




Марсело – айылдагы реабилитациялык программанын кызматкери – айылдагы үйлөрдүн биринен Тристинди табат. Бала баса албаганынан жана достору жоктугунан кайгылуу, капалуу көрүнөт. Марсело Тристинди PROJIMO долбооруна чакырат.



Алар PROJIMO долбооруна келишкенде, Марсело Тристинге оюн аянтчасын көрсөтөт.





Тристин (жана көрүүчүлөр) ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдарга басканды жана башка нерселерди үйрөтүүгө жардам бере турган, оюн аянтчасындагы жасалгалар кантип колдонуларын өз көздөрү менен көрүүгө мүмкүнчүлүк алышты.



Алар отуруу үчүн алкакты жана колго жасалган оюнчуктарды кантип колдонсо болорун, отура албаган бала жантайып турган тактага жатып алып, башын көтөрүүгө жана колдорун пайдаланууга мүмкүн болгонун өз көздөрү менен көрүшөт.




Арада 5 күн өттү.



Айылдагы реабилитациялык программанын кызматкерлери Тристиндин буттарына ортездерди жасап берип, аларды кийүүсүнө ага жардам беришти.



Андан кийин алар Тристинге параллелдүү брустарды карманып алып басканды үйрөнүүсүнө жардам беришти.

Тристин тез эле үйрөнүп, көп өтпөй балдактар менен баса баштады.



PROJIMO долбоору ***физикалык*** реабилитация жагынан Тристин үчүн колунан келгендин баарын жасап бүткөн убакыт да келди. “Эми каякка барасың?” деп, Тристинден алар сураشты. “Билбейм” деп ал үн катты. “Менин барар үй-бүлөм жок. Мектепте окуп көргөн эмесмин. Жумуш табуу атүгүл дени соо адам үчүн оор”. “Анда бизде калып, реабилитациялык программабызга жардам бербейсиңби? Керектүү атайын ык-жөндөмдөрдү үйрөнүп алып, өзүңө окшогон балдарга жардам берсең болот”.




Тристин калууга макул болуп, реабилитациялоо ык-жөндөмдөрүн үйрөнө баштайт. Сүрөттө, программага эне баласын көтөрүп келгенде, Тристин аларга “реабилитациялык жардам берүү иштери боюнча жооптуу” болуп дайындалат.



Баланы бүтүндөй реабилитациялоо иш тобу карайт. Негизинен буттарын жабыркаткан церебралдык шалдыгы бар экени аныкталат. Басканды үйрөнүүгө баланын күчү жетеринен эч ким күмөн санабайт.



Параллелдүү брустарды карманып алып басканды үйрөнүүсүнө балага кантип жардам берүү керектигин энесине Тристин жакшылап көрсөтүп берет.






Жаш бала акыры басканды үйрөнүп алды. Мындан тышкары ошондой эле маанилүү нерсе – балада жаңы үмүт, жаңы достору жана өзүнө ишеним пайда болду. Ал өзүндөй, ден соолук бузулуулары бар адамдарды көрүп, алар толук баалуу жашап жаткандарына, андан тышкары, башкаларга да жардам бергенине күбө болду. Көрсөтүүнүн аягында Тристин кичинекей досун көтөрүп, ийиндерине отургузат да, жеңишти белгилөө иретинде балдактарын өйдө бийик көтөрөт.

Көрсөтүүнүн аягы, анын башка бөлүктөрүнө салыштырмалуу, айылдын тургундары үчүн көбүрөөк таасир калтырды, анткени алар Инестин (Тристиндин ролун ойногон бала) айылына биринчи жолу келгендеги абалын эстешти. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү абдан чектелүү баладан денеси тез кыймылдаган активдүү жаш жигитке айланганы оюн эмес экенин, бул чынында болгонун алар билишчү.

PROJIMO долбоору айылдын өздүк программасы болгондуктан, ар бири тургун бул жетишкендик менен сыймыктанды.



Буга окшогон башка көрсөтүүлөр тууралуу китептин 443- жана 445-беттеринде айтылат.



Сүрөттө анын автору – 6 жаштагы Минжи Нг, жасалма колу менен, жана бир бутунан айрылып калган, бастыргычтын жардамы менен ары-бери которулган досу – Лупито.



PROJIMO долбоорундагы, оюнчук жасоо устаканасында ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү балдар мектеп окуучулары менен бирге иштеп жаткан учуру.